## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын кеңешмесинин кезектеги жыйынынын

## №3 ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

*21-октябрь, 2025-жыл*

*Төрайым:* Калбекова М.Ж.

*Катчы:* Кубатбек к У.

*Катышкандар:* Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын мүчөлөрү.

**Ар түрдүү маселелер:**

а) 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Физика” профилинин бакалавр жана магистратура бөлүмдөрү үчүн окутуунун натыйжаларын талкуулоо жана бекитүү.

**УГУЛДУ:** Күн тартибинде каралган маселеге ылайык жыйындын төрайымы М.Ж. Калбекова сөз сүйлөп: ОшМУ сунуштаган макеттин негизинде жаңы стандарт иштелип (ОшМУнун ОКинин №9, буйругу №3426 бекитилген) чыккан. Стандарттын макетинде 4 жалпы компетенциянын (ЖК) негизинде 4 окутуунун натыйжасы (ОН) берилген. Ошондой эле, педагогикалык багыттар үчүн 6 жалпы кесиптик компетенциялар (ЖКК) көрсөтүлгөн. Ал эми ишмердүүлүгүнө жараша (илимий-изилдөөчүлүк чөйрөсүндөгү кесиптик, долборлоо жана конструктордук чөйрөсүндөгү кесиптик, уюштуруучулук жана башкаруучулук чөйрөсүндөгү, педагогикалык жана практикалык чөйрөсүндөгү жана маалыматтык-аналитикалык чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктө) 8 окутуунун натыйжасы иштелип чыкты. Мында 4 профилге, 4 багытка тиешелүү окутуунун натыйжасы иштелип чыккан. 550200 Физика-математикалык билим берүү программасынын “Физика” профили үчүн азыркы зарылчылыктарга жана замандын талабына карата күтүлүп жаткан окутуунун натыйжаларын өзгөртүп чыктык. Бул өзгөртүүлөрдү бекитүүгө сунуш кыламын.

**УГУЛДУ:** 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Физика” профилинин магистратура бөлүмүнүн программа жетекчиси З.И. Омаралиева: ФМО магистратурада башкаруучулук, илимий-педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк, кесиптик,

маалыматтык-аналитикалык ишмердүүлүктөр боюнча 7 окутуунун натыйжасын иштеп чыкты. Бекитүүгө сунуш кыламын.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Эгембердиев Ж.:** Бул көрсөтүлгөн күтүлүүчү окутуунун натыйжаларын ишке ашырууга аракетибизди кылып, жакшы натыйжаларды алалы. Мындагы бакалавр үчүн жазылган 4 окутуунун натыйжасы профилге, 4 окутуунун натыйжасы багытка тиешелүү жана сапаттуу көрсөтүлгөн. Ал эми магистратура бөлүмү үчүн иштелген күтүлүүчү окутуунун натыйжалары да замандын талабына жооп берет, ар бир магистр үчүн зарыл болгон компетенциялар көрсөтүлгөн. Бул өзгөртүлгөн күтүлүүчү окутуунун натыйжаларын бекитүүгө макулмун.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

550200 Физика-математикалык билим берүү программасынын "Физика" профили профилинин бакалавр жана магистратура бөлүмдөрү үчүн иштелип чыккан окутуунун натыйжалары бекитилсин.

Төрайым: Калбекова М.Ж.

Катчы: Кубатбек к У.